# Эки мусулман бири-бири менен кылычташып урушканда, өлтүргөн да жана өлгөн да тозоко түшөт. Ошондо мен: «Аллахтын Элчиси, бул киши өлтүргөн адам, а бирок өлтүрүлгөн адамда эмне күнөө?» - деп айттым. Аллахтын Элчиси: «Ал да шеригин өлтүргүсү келген» - деди

Абу Бакра, радыяллаху анху, риваят кылып айтат: «Мен Аллахтын Элчиси, саллаллаху алейхи уа салламдын, мындай деп айтканын уктум: «Эки мусулман бири-бири менен кылычташып урушканда, өлтүргөн да жана өлгөн да тозоко түшөт. Ошондо мен: «Аллахтын Элчиси, бул киши өлтүргөн адам, а бирок өлтүрүлгөн адамда эмне күнөө?» - деп айттым. Аллахтын Элчиси: «Ал да шеригин өлтүргүсү келген» - деди».

[Сахих (ишенимдүү)] [Муттафакун алайхи (хадистин ишенимдүүлүгүнө бир ооздон макулдашылган)]

Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, эгерде эки мусулман бири-бирин жок кылууну көздөп кылычташып урушса, анда өлтүргөн киши экинчисин түздөн-түз өлтүргөндүктөн тозоко түшөөрүн кабарлады. Өлтүрүлгөн адам туурасында сахабалар: «Ал тозокко кандай түшөт?» - деп сурашканда, Пайгамбар, саллаллаху алейхи уа саллам, ал да шеригин өлтүргүсү келгени үчүн кылычын көтөрүп чыкканын айтты. Андыктан ал да тозоко түшөөрүн, аны өлтүрүүдөн башка эч кандай максаты болбогондугун жана аны шериги өлтүрүп койгондугун кабар берди.

https://sunnah.global/hadeeth/ky/show/4304